КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №21- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябры №155 Оргочор айылы

Оргочор жергиликтүү кеңешинин 2026-жылдын 01-октябрындагы "Жети-Өгүз райондук деңгээлдеги "Социалдык -экономикалык өнүгүү программаларына (СЭӨП) социалдык жана гендердик инклюзия принциптерин ишке ашыруу" боюнча каралган акча каражаты жөнүндө" №150 токтомго өзгөртүү киргизүү

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" Мыйзамынын 34-беренесине Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 55-беренесиин 3 пунктуна ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын 01-октябрындагы "Жети-Өгүз райондук деңгээлдеги "Социалдык - экономикалык өнүгүү программаларына (СЭӨП) социалдык жана гендердик инклюзия принциптерин ишке ашыруу" боюнча каралган акча каражаты жөнүндө" №150 токтому менен бекитилген 775000 (жети жүз жетимиш миң) сом 155000 (бир жүз элүү беш миң) сом деп өзгөртүлсүн.
2. **Ушул эле токтомдун 3 пунктундагы** Оргочор айыл өкмөтүнө "Helvetas" уюмунан алынуучу 775000 (жети жүз жетимиш миң) сом өлчөмүндөгү гранттык каражатты "Логопед" тайпасына зарыл болгон окутуу-дидактикалык материалдар жана жабдыктар (райондун 5 МЧББУ ар бир тайпасына 155000 сомдук) алынышы камыздалсын деген пункту дөмөндөгүдөй баяндалсын:

- "Helvetas" уюмунан алынуучу 155 000 (бир жүз элүү беш миң) сом өлчөмүндөгү гранттык каражатты "Логопед" тайпасына зарыл болгон окутуу-дидактикалык материалдар жана жабдыктар Оргочор айылындагы Керемет бала бакчасынын бир тайпасына алынышы камыздалсын.

3. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан 2026-жылдын 28-сентябрындагы чыгыш №02-27/2936 катынын жана Оргочор айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2026- жылдын 01-октябрь чыгыш №03-5/1989 катынын негизинде, Жети-Өгүз райондук деңгээлдеги «Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына (СЭӨП) социалдык жана гендердик инклюзия принциптерин ишке ашыруу» боюнча конкурска катышып, райондун аймагындагы бала бакчаларга ар бир айыл өкмөтүнөн бирден "Логопед" тайпасын ачуу боюнча долбоорго "Helvetas" уюмунан алынуучу 775 000 (жети жүз жетимиш беш миң) сом өлчөмүндөгү гранттык каражаттына өзгөртүү киргендиги боюнча Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан 155 000 (бир жүз элүү беш миң) сом акча каражаты эсептик счетуна кошумча бекитилип берүү жагы суралсын.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү

үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**